DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2022

*Маматов А., Алибаев А.*

# ИНСАНДЫН АДЕП-АХЛАКТЫК ӨНҮГҮҮСҮ ЖАНА ЖАРАНДАРДЫН ӨЗҮН-ӨЗҮ ТААНУУСУН ӨНҮКТҮРҮҮ БҮГҮНКҮ КҮНДҮН ТАЛАБЫ

*Маматов А., Алибаев А.*

# НРАВСТВЕННОЕ РАЗВИТИЕ ЛИЧНОСТИ И РАЗВИТИЕ САМОИДЕНТИФИКАЦИИ ГРАЖДАН ЯВЛЯЕТСЯ ТРЕБОВАНИЕМ СЕГОДНЯШНЕГО ДНЯ

*A. Mamatov, A. Alibaev*

# THE MORAL DEVELOPMENT OF THE INDIVIDUAL AND THE DEVELOPMENT OF SELF-IDENTIFICATION OF CITIZENS IS A REQUIREMENT OF TODAY

*УДК: 9.93*

*Бул макалада адамдын руханий-адептик өнүгүүсү жана дене тарбиясы баяндалган. Бул жарлыктын негизинде республиканын бардык билим берүү системаларында жарлыктын маселелерин ишке ашыруу максатында илимий конференциялар жана башка түрдүү иш-чаралар өткөрүлүүдө. Башка элдердей эле кыргыз элинин да ата-бабаларыбыздын кылымдар бою калыптанган өзүнүн руханий-адептик дөөлөттөрү, элдик салттары бар. Ал эми ушул баалуулуктарга таянып, кыргыз элинин тарыхый осуяттары менен жарандарыбызды өнүктүрүшүбүз керек. Биздин өлкөдө жашаган элдер да тарыхый руханий-адептик баалуулуктарыбызды, элдик салттарыбызды үйрөнүшү керек. Ал эми бүткүл кыргыз эли биргелешип глобалдык дүйнөдөгү келечегибизди кыргыз элинин тарыхый баалуулуктарынын негизинде түзүшү керек. Мына ушулардын бардыгынын негизинде биринчи кезекте кыргыз элинин мамлекеттик тилин билүүгө басым жасалып жана Кыргызстанда жашаган бардык башка элдер мамлекеттик тилди жеткиликтүү түрдө үйрөнүп, билиши керек, ошону менен бирге алар өздөрүнүн улуттук тилин да билип жана унутпай жүрүүгө укуктары бар. Кыргызстандын жараны экендигин Кыргызстанда жашаган ар бир жаран толук билүүгө укуктуу жана милдеттүү. Ошондой эле Кыргызстандын бардык улуттардагы элдери да Кыргызстандын жарандары экендигин билүүлөрү керек.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыздар, руханий адеп-ахлак, улут, мамлекеттик тил, концепция, өнүгүү, этнос, улуттук бirимдик, маданият, дин.*

*В этой статье изложены духовно-нравственное развитие и физическое воспитание человека. На основе этого указа во всех образовательных системах Республики проводятся научные конференции и другие различные мероприятия по реализации вопросов данного указа. Как и других народов и кыргызского народа также есть свои духовно-нравственные ценности и народные традиции сложившиеся веками наших предков. И основываясь на эти ценности мы должны развивать наших граждан по историческим заветам кыргызского народа. Народы проживающиеся в нашей стране также должны изучить наши исторические духовно-нравственные ценности и народные традиции. И вместе весь кыргызский народ должны устроить наше будущее в глобальном мире опираясь исторические ценности кыргызсконо народа. На основе всего этого прежде всего стоит государственный язык кыргызского народа и все другие народы проживающиеся в Кыргызстане должны изучать и знать в совершенствие государственного языка и при этом они должны изучать и своего национального языка. Все граждани Кыргызстана должны полноценно знать себя что он является гражданином Кыргызстана. И все народы также должны знать что они являются народом Кыргызстана.*

***Ключевые слова:*** *кыргызы, духовная-нравственность, национальность, государственный язык, концепция, развитие, этнос, народное единство, культура, религия.*

*This article outlines the spiritual and moral development and physical education of a person. On the basis of this decree, scientific conferences and various other events are held in all educational systems of the Republic to implement the issues of this decree. Like other nations, the Kyrgyz people also have their own spiritual and moral values and folk traditions that have developed over the centuries of our ancestors. And based on these values, we must develop our citizens according to the historical precepts of the Kyrgyz people. The peoples living in our country should also study our historical spiritual and moral values and folk traditions. And together the entire Kyrgyz people should arrange our future in the global world based on the historical values of the Kyrgyz people. On the basis of all this, first of all, there is the state language of the Kyrgyz people and all other people's living in Kyrgyzstan must learn and know the state language to perfection, and at the same time they must also learn their national language. All citizens of Kyrgyzstan should fully know themselves that he is a citizen of Kyrgyzstan. And all nations should also know that they are the people of Kyrgyzstan.*

***Key words:*** *kyrgyz, spiritual-morality, nationality, state language, concept, development, ethnos, national unity, culture, religion.*

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Нуркожоевич Жапаровтун бийликке келгенден кийинки баштапкы эле жарлыктарынын бири анын: 2021-жылдын 29-январындагы “Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүү жана дене тарбиясы жөнүндөгү жарлыгы болгон. Ошол жарлыкты жетекчиликке алуу менен айрыкча республиканын билим берүү тармактарында атайын илимий конференциялар жана башка түрдүү-түрдүү иш-чаралар уюштурулуп, илимий чөйрө жана жалпы эле коомчулук бул жарлыктын идеяларын кызуу колдоп жаткандыгы учурдун талабы болууда. Себеби, ар бир улуттун, элдин тарыхый өсүп-өнүгүүсүндөгү түпкү тамырында ал улуттун, ал элдин “салт-санаасы, үрп-адаты, адеп-ахлактык өзгөчөлүктөрү жатат.

Таалим-тарбия, адеп-аклак, ыймандуулук, дене-тарбия жана башка түшүнүктөрдүн түп тамыры маданиятка барып такалат. Маданият деген сөз иш жүзүндө ар бир адамдын лексионунда кездешет. Бирок бул түшүнүктүн мааниси да ар түрдүү болуусу мүмкүн. Ошондуктан да маданият менен көптөгөн илимдер алектенишет жана алар археология, этнография

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тарых социология гана эмес, жана аң-сезимдин түрдүү формаларын изилдей турган илимдер-философия, искусство, естетика, мораль деген ж.б.

Сорокин П.А. өзүнүн Человек. Цивилизация. Общество деген китебинде "Культура не существует вне человека", - деп эң эле туура белгилеген [6, 220-б.]. Себеби маданияттын кандай гана тутумдук тармагы болбосун, анын өзөгүн адам, коом, түзөт.

Ар кандай жаш муун демек адам, өзүнүн өсүпжетилүүсүндө эң негизги таасирлерди өз чөйрөсүндө түзүлгөн жана түзүлүп жаткан маданияттан алат.

Өспүрүмдөрдүн жана өсүп келе жаткан жаштардын маданияттык калыптануусуна айлана чөйрөдөгү ар кандай көрүнүштөр менен кошо эле массалык маалыматтар болгон интернеттик маалыматтардын, радио, телевидение, басма сөз булактарынын таасирлеринин да ролу чоң.

Себеби бизге маалым болгондой адам социалдык болуп төрөлбөйт жана ал иш аракеттеринин натыйжасында социалдыкка жетишет.

Ошентип, социалдаштыруу процесси – бул маданияттошуу менен бирге келечек муундардын-өспүрүмдөрдүн, жаштардын индивидуалдык касиеттерге ээ боло башташы жана бул жекече касиеттер-мүнөздүк психологиялык, темпераменттик өзгөчөлүктөр.

Материалдык маданият же баалуулук – бул эмгек маданияты материалдык өндүрүштүк маданият болсо, руханий маданият – бул адамдын илим-билимдүүлүк аң-сезимдүүлүк, тарбиялуулук, диний түшүнүктүүлүк ж.б. деңгээлдери.

Улуу муундардын иш аракеттери, мекенге коомго болгон мамилелери, чынчылдык, ыймандуулук, калыстык ж.б. касиеттери алардын чөйрөсүндө өсүп келе жаткан жаштарга түздөн түз таасир этиши талашсыз аракет.

"Диндер туман сымал тарап, бектер кетип, падышачылыктар урап түшөт. Бирок, окумуштуулардын эмгеги түбөлүккө кала беришет" - деп айткан Мухаммед Тарагай Улугбектин сөзү менен оюбузду улайлы [1, 3-б.].

Кыргыздын байыркы философиясында "Куш уядан көргөнүн алат" - деген таасын сөзү бар. Марксизм Ленинизмде болсо "Бытьё определяет сознание человека" - дейт. Карап көрсөк экөө тең үндөш эле болуп турат.

Бул көз караштардын түп тамыры деле эң жөнөкөй болуп тарбия жаштайынан, ата-эненин "кухнясынан" башталып кийин ошол адамдын тарбиясына анын айлана чөйрөсү да түздөн түз таасирин тийгизет - деген корутундуга келип такалабыз.

Азыркы жаштардын тарбиялык процессине биздин пикирибиз боюнча өтө чукул таасир эткен эки фактор бар.

Биринчиси "Куш уядан көргөнүн алат" - дегендей тарбиялык деңгээли жогору болгон үй-бүлөлөрдүн балдарында айлана чөйрө, коом менен болгон байланышта маданияттуулуктун кандайдыр бир деңгээли ачык эле даана байкалып турат.

Ал эми өздөрү материалдык жактан өтө тың болсо да руханий, адеп ахлактык деңгээлдери төмөн болгон ата-энелерден тарбия көргөн балдарда өзүнүн жоктугу өкүндүрөт.

Үй-бүлөсү ушундай чөйрөдөгү балдар-кыздардын баары эмес, бирок көпчүлүгү эле коомдук жайларда эч кимден тартынбастан эле уят сөздөр менен сөгүнүп, айкырып кыйкырып, жана ошол эле учурда алар мындай жооруктарын орусча айтканда "нормально" - деп ойлошкону кыргыздын менталитети үчүн уят, өтө эле өкүнүчтүү.

Ошондуктан бул жерде ата-энелердин өздөрүнүн адеп ахлактык начар деңгээлдеринин алардын уул-кыздарына өтүп жаткандыгын байкайбыз.

Эмне кылуу керек? Ошол ата-энелер өздөрү бири-бири менен болгон мамилелерде маданияттуулугун же жөнөкөй тил менен айтканда адеп ахлактуулугун ар дайым жогорку дейбизби же ыйландуу дейбизби, айтор ошондой деңгээлде көрсөтүүлөрү керек. Кыргызда ошол үчүн айтат да "Атаны көрүп уул өсөт, энени көрүп кыз өсөт" - деп. Атасы ашатып сөгүнүп сүйлөгөн маданиятсыз болсо баласы да атасынан үлгү алып өз чөйрөсүндө сыймыктануу менен ашатып сөгүнүп сүйлөп жана бул жооругун биз жогоруда белгилегендей "нормально" - деп түшүнөт. Суроо туулат. Ушундай негативдер көбөйө берсе биздин коомдун келечеги кандай болот?

Ардактуу ата-энелер бул суроонун айланасында чукул ойлонушубуз керек болуп жатат!

Экинчи фактор. Коом, айлана чөйрө, коррупция, мафия тууралуу сабатсыз, тарбиялык мааниси жок, тескерисинче мафиёздукка шыктандырган кыргыздын кинотасмалары.

Өздөрү депутат, министр, сот, прокурор же дагы бир башка мамлекеттик кызматта болуп туруп, ээн эркин мамлекетти тоногону же контрабандалык товарларды жүгүрткөнү, ошол биз жогоруда белгилегендей "Бытьё определяет сознание человека" - эмей анан эмне?

Бытьё есть все то, что есть. Это и материальные вещи, это и все процессы [3, 14-б.], - деп философияда айтылгандай, бизди курчап турган жашоо тиричилик Ааламыбыз биздин аң-сезимибизге туздөн түз таасир этет тура.

Кумтөрдө кыргызга кыянаттык кылбайм - деп Бернштейндин афёрдук келишимине кол койбой коюп курмандыкка чалынып кеткен Насирдин Исанов.

Кумтөрдүн эсебинен туйтунун "Мультимиллионер" болуп акчасын батыра албай калып "Мен чексиз баймын" деп айтып чыккан азаматтар. Ошол эле учурда жакыр бойдон калып жаткан шордуу момун кыргыз эли!

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Мына ушуларды көрүп билип өсүп жаткан жаштарда "Мамлекеттик чоң-чоң кызматтарда иштесең, коррупционер, чёрный болсоң гана "Жыргап жашайт экенсиң" - деген түшүнүк калыптанып келе жатканы өтө коркунучтуу.

Кыргыздын кылымдардан бери калыптанып келе жаткан адеп-ахлагы, маданияты каякта калды? Ал аз келгенсип экс президент айымды колдоп чыккан "Адамдын өз эрки, кааласа дыр жылаңач жүрүүгө да ар бир жарандын акысы бар! - деген өңдүү иш чараларга не дейсиз?

Ушул агымга да көбүн эсе кыргыздын жаштары тартылган.

Балык тутуу үчүн кайрымактын учуна "сөөлжан" кыстарылат. Ал балыктын жеми. Ошону жейли деп байкуш балык кайрымакка илинип курман болот.

Эркек эркекке турмушка чыксын. Аял аялга турмушка чыксын деген батыштын кээ бир уюмдары биздин жаштарыбызды манипуляциялап, адеп-ахлактык калыптануусуна доо кетирип жатат.

Бул уюмдун идеяларын экс президентибиз Роза Исаковнанын да колдоп турганы менимче уят элего.

Себеби алардын кайрымагында да сөөлжан бар. Биз жалпы кыргыз бийлиги, кыргыз эли, кыргыз коомчулугу ушул жогорудагы айтылган көйгөйлөрдүн үстүнөн жигердүү иш алып барууга түздөн-түз милдеттүүбүз, жана бул биздин ата-бабаларыбыздын рухтарынын алдындагы ыйык парзыбыз болуш керек.

Биз жаштарды тарбиялоодо Манастан баштап, кылымдардын кыл чайнашкан кыргындарында, элим, жерим деп өмүрүн канжыгага, байлап тарыхта калган, балким кээ бири тарыхка кирбей калган улутман ата-бабаларыбыздын тарых таржымалын эскерүүбүз керек. Ал турмак Кум-Төргө президент Аскар Акаев кол кой дегенде кол койбойм, кол койсом кыргызга чыккынчылык кылган болом - деп афёрдук келишимге кол койбой коюп жан таслим болгон Насирдин Исановдун да кала берсе Кум-Төрдү улутташтырышыбыз керек деп тикесинен тик туруп камалып бийлик тарабынан жылдап абакта олтурган Садыр Жапаровдун да мекенчилдигин жаштарга жеткирип, алардагы патриоттук сезимдерди дагы, дагы алга сүрөөшүбүз керектиги жалпы кыргыз коомубуздун көйгөйлөрү жана милдеттери экендигине басым жасасак экен.

Демек бул жумуш билим берүү тармагында эмгектенген агай-эжейлердин гана эмес, эң негизгиси ата-энелерден башталып жана жалпы коомчулуктун көңүлүн өз алкагына камтыган өтө олуттуу, өтө жооптуу жана көп кырдуу процесс. Көпчүлүк ата-энелер үй бүлөлөрүнө каражат табуу үчүн кетишип өз балдарын жакындарына калтырышкандыктан да ал балдарга байланыштуу дагы көйгөйлөрдүн комплекстери топтолууда жана бул эми өзүнчө сөз кыла турган өзгөчө маселе.

"Күн артынан күн чубап, ар бир саат болмуштун көз ирмемин колдон жулат" [1, 30-б.] - деп Пушкин айткандай эгемендиктин 30 жылдыгы да көз ирмемде колдон жулунду.

Жаштарга ата-эне, агай-эжейлер, улуу муундар, коомчулук берген таалим тарбиянын таасири теңдешсиз экендигин тарых тастыктап келе жатат. Ушуга байланыштуу М.К. Крупская "Под воспитанием в узком смысле слова подразумивалось планомерное, систематическое воздействие взрослого на ребёнка и подростка" [7, 268-б.] - деп эң бир так аныктама айткан.

Биз маалымат айтканда улуу муундар өсүп келе жатышкан келечек муундарды татыктуу тарбиялоодо көптөгөн жана ар тараптуу мүмкүнчүлүктөргө ээбиз.

Бирок көп бул багытта биздин жаштарга көрсөтө турган өзүбүздүн жекече деңээлдерибиз кандай?

Дейин дегенибиз биз жаштарга таалим тарбия тууралуу лекцияларды окуудан мурда ошол тарбиялуулукту өзүбүздүн жүрүм-турумдук, адам ахлаттык, ж.б. руханий касиеттерибиз менен көрсөтө алсак экен.

"2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы бул аябай чоң жана учурдун талабына шайкеш келе турган иш чараларды өз курамына камтыган документ. Ал Кыргызстанда жашап жатышкан элдердин биримдигин жана этностор аралык мамилелерин чындоого өз таасирин тийгизүүсү зарыл. Кыргыз Республикасында жашаган түпкүлүктүү калк кыргыздар гана эмес, Кыргызстанды турактаган бардык улуттар жана да бардык элдер өзүлөрүн-өзүлөрү "мен кыргыз жаранымын" деп таанулары мыйзамдуу негизде абзел болуп жатат. Концепцияда: "Кыргыз жараны-бул этностук, диний, социалдык жана региондук таандыгына карабастан Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар Кыргыз Республикасынын жараны" [9, 1-б.], - деп белгиленгендиктен бардык жарандар кыргыз өлкөсүн менин өлкөм деп таануу менен, мен Кыргызстандын жаранымын - деп билүүлөрү керек.

Концепцияда кыргыз тили мамлекеттик тил катары тастыкталат. Ошого байланыштуу бардык Кыргызстанда жашашкан башка улуттардын өкүлдөрү да кыргыз тилин мамлекеттик тил катары үйрөнүүлөрү, билүүлөрү зарыл болот. Натыйжада кыргыз тилинин базасында Кыргызстанда жашашкан ар кандай улуттун өкүлдөрүнүн бири-бири менен баарлашуусунун, ар түрдүү мамилелерди жүргүзүүсүнүн мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Ошентип бул концепция: - биринчиден кыргыз мамлекетинин улуттук тилинин өсүп-өнүгүүсүнүн чыңдалышын камсыздоого шарт түзсө, экинчиден улут аралык тил байланышын түзүп, улуттардын карым-катнашын ынтымагын өз ара баарлашуу мада-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



нияттарын жакындатат жана аны бекемдөөгө негиз берет. “Кыргыз жараны деп жарандарды өзүн таанусу билим берүүнүн, маданияттын, үй бүлө жана коомдо инсанды тарбиялоонун жана өстүрүүнүн бир бөлүгү болушу керек” [9, 1-б.], - деп концепцияда баса белгиленип жатат. Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү деген маселе бул кыргыз журтчулугунун эң негизги жана ушуга чейин бир аз көмүскөдө калып келе жаткан көйгөйлүү маселеси эле. Ошого улай эле кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүү да бүгүнкү күндүн маселеси гана эмес, керек болсо талабы да болушу керек.

Дал ошол себептен да биз билим берүү тармагынын кызматкерлери катары бул концепцияда көтөрүлгөн маселелерди ишке ашырууда коомчулук, ата-энелер жана студенттер менен ушул багытта иш-чараларды уюштурууну жигердүү темп менен уланта беришибиз зарыл деп эсептейбиз.

**Адабияттар:**


1. Эдилова М.М. Аалиева Г.К. Философия. Окуу китеби. - Бишкек: Гүлчынар, 2008.
2. Вальяно М.В. Основы философии. - М., 1999.
3. Стеркин А.Г. Философия. - М., 2008.
4. Алексеев П.В. Панин А.В. Философия. - М., 2012.
5. Жаныбеков Ж., Аскаров Т., Кулматов Н., Шарипова Э. Кыргыз философиясы. / Окуу куралы. - Ош, 2007.
6. Сорокин П.А. Человек. Цивилизация. Общество. - М., 1992.
7. Бабоновский Ю.К. Педогика. Учебник. - М., Просвещение, 1983.
8. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы №1 “Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүү жана дене тарбиясы” Жарлыгы.
9. “2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында кыргыз жараны деп жарандардын өзүн-өзү таанусун өнүктүрүүнүн концепциясы жөнүндө” деген Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы.